# Список

**опубликованных научных трудов соискателя ученой степени к.и.н. ЫдырысоваРамисаЖумабековича**

| № п.п. | Название | Адрес Web сайта издания для статей, внесенных в базу данных WebofScience, Scopus, РИНЦ | Издание, журнал (название, номер, год) или номер авторского свидетельства | Количес-тво печатных страниц | Фамилии соавторов | Издания, входящие в систему индексирования | | | | Реко-мендо-ванные ВАКК Р | До-пол-ни-тель ные изда ния |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | WebofScience | Scopus | РИНЦ (зарубежные) | РИНЦ КР | | |
| | | | | | | Балы | | | | | |
| | | | | | | 40 | 40 | 25 | 20 | 3-11 | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| 1. | Некоторые вопросы социальной стратификации 20-30 гг. в Кыргызстане | | «Наука, новые технологии и инновации». №12, 2017. стр.97-99 | 0,18 | | | | | 20 | | |
| 2. | Изменение в структуре рабочего класса Кыргызстана 20-30-х годы | item.asp?id=30725222 | «Международный журнал гуманитарных и естественных наук». № 11, 2017.стр.20-24 | 0,31 | | | | 25 | | | |
| 3. | Начала формирования интеллигенции Кыргызстана в 20-е годы | item.asp?id=30725223 | «Международный журнал гуманитарных и естественных наук». № 11, 2017.стр. 25-29 | 0,31 | | | | 25 | | | |

Соискатель: ____________ Ыдырысов Р.Ж

Список верен:

Ученый секретарь ____________ Усарова С.Ө. дата____________

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4. | Изменение в социальной структуре Кыргызстана в начале XX века | item.asp?id=[illegible]0 725222 | «Наука, новые технологии и инновации». №12, 2016. стр.177-180 | 0,25 | | | | | 20 | | |
| 5. | Социально-демографические изменение в северном Кыргызтане в начале XX в. | | «Наука, новые технологии и инновации». №9, 2016. стр.208-211 | 0,25 | | | | | 20 | | |
| ***Обязательно приложение электронных вариантов статей на носителе (CD)*** | | | | | | | | 50 | 60 | | |
| | | | | | | Общ.балл.: **110 балл** | | | | | |

Соискатель: ______________ Ыдырысов Р.Ж

**Список верен:**
Ученый секретарь ______________ Усарова С.У. дата______________

**Ыдырысов Рамис Жумабековичтин “Кыргызстандын социалдык структурасынын трансформацияланышы” (ХХк. 20-30-ж.ж.)** деген аталыштагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациянын кол жазмасына карата Кыргыз Республикасынын Ишаналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча **Д.07.18.578 диссертациялык Кеңешинин эксперттик комиссиясынын**

## КОРУТУНДУСУ

Курамында тарых илимдеринин доктору А.Ж.Жуманалиев (төрага), тарых илимдеринин доктору, профессор Т.А.Абдырахманов (мүчө), тарых илимдеринин кандидаты, доцент С.А.Смадияров (мүчө) болгон эксперттик комиссия **“Кыргызстандын социалдык структурасынын трансформацияланышы” (ХХк. 20-30-ж.ж)** деген темадагы 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга даярдалган диссертациясынын кол жазмасын карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

**1. 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча даярдалган иштин Д.07.18. 578 Диссертациялык Кеңештин кароосунда коргоо укугуна дал келиши.**

Ыдырысов Рамис Жумабековичтин “Кыргызстандын социалдык структурасынын трансформацияланышы”(ХХк. 20-30-ж.ж.). деген аталыштагы 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясы Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин Д.07.18.578 Диссертациялык Кеңешинин профилдик багытына туура келет.

***Илимий иштин максаты:*** XXк. башынан 30-жылдардын аягына чейинки Кыргызстандын социалдык стратификациясынын өзгөрүшүнө анализ жасоо. Коюлган максаттарды ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй

**милдеттер коюлат:**

- Изилдөөнүн булактык базасына жана тарыхнаамалык маселелерине анализ жүргүзүү;

-Колониалдык мезгилдеги социалдык түзүлүштүн өзгөрүүсүн иликтөө;

-Кыргыздардын салттуу коомунун социалдык түзүлүшүнө талдоо жүргүзүү;

-20-жылдардын башындагы социалдык-экономикалык рефоромалардын алкагындагы стратификациялык өзгөрүүлөргө анализ жасоо;

-Кыргызстандагы социалдык түзүлүштүн транцформациялануу процессине анализ берүү;

- Социалдык стратификациялардын трансформациялануу процессинин жыйынтыктарын иликтөө;

Каралып жаткан диссертациялык *изилдөөнүн объектиси-* Кыргызстандын социалдык түзүлүшү.

Ал эми изилдөөнүн **предмети-** Кыргызстандын социалдык стратификациясынын өзгөрүшү.

Диссертациялык иштин объектиси жана предмети 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистигинин мазмунуна жана ага коюлган талаптарына жооп берет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу төмөнкү аргументтер менен аныкталган.**

Учурдагы Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана саясий турмушун модернизациялоо, демократиялык коомдуу түзүү аракеттери менен катар рынок экономикасынын шартында Кыргызстан коомунун социалдык структурасы ири өзгөрүүлөргө дуушар болуп, коомдун социалдык жаңы тибинин калыптануу процесси жүрүп жатат. Ушул өңүттөн алып караганда XXк. 20-30 жылдарындагы Кыргызстандын социалдык түзүлүшүндөгү болуп өткөн өзгөрүүлөрдү изилдөө, өзгөчө кызыгуу жаратат.

Маселенин изилдөөнүн коомдук талабы, төмөнкү бир катар шарттар менен түшүндүрүлөт. Биринчиден, коомдун социалдык түзүлүшү, өнүгүшү туурасындагы маселеде XX к. 80-жылдарына чейин эл аралык илимий-изилдөө практикасында, эки концептуалдык: «таптык» жана «стратификациялык» методологиялык ыкма үстөмдүк кылып келген. Советтик тарыхнаамада болсо, «таптык» ыкма үстөмдүк кылганы белгилүү. Анткени марксистик-лениндик теория боюнча кандай гана коом болбосун ал таптарга бөлүнүп,алардын негизги белгилери катары өндүрүш каражаттарына карата болгон мамилеси боюнча айырмалаланат деп эсептелчү.Экинчиден, марксистик-лениндик теория боюнча ар кандай коомдо тап күрөшү тынымсыз жүрүп турушу керек. Анткени тап күрөшү бул коомдук прогресске жеткирүүчү кыймылдаткыч күч катары саналган. Мына ушул марсистик-лениндик көз караштан улам, советтик доордогу идеологиялык максаттан улам коом антогонистик эмес жумушчу жана дыйкан таптарынан турат деген түшүнүк жаралып, жетимиш жыл бою үстөмдүк кылып келгени белгилүү.

Бүгүнкү күндө айрым окумуштуулардын пикири боюнча, советтик доордогу «таптык» ыкма коомдогу социалдык катмарлардын таптык белгилери болбогон, бирок коомдо жашап турган айрым катмарларды, алсак: кол өнөрчүлөр, кызматчылар алып сатарлар, үй кызматкерлери, дин өкүлдөрү, инвалиддер, окуучулар, пенсионерлер ж.б. эске алган эмес. Бирок советтик коомдо аталган социалдык топтор жашап келгени белгилүү. Советтик гуманитардык илимде калктын ичиндеги катмарларды, алардын абалын аныктоодо так илимий терминология болгон эмес. Советтик тарыхнаамада болгону «буржуазиялык тап», «дыйкан», «жумушчу табы» ж.б. терминдер гана колдонулуп келген. Натыйжада, коомдун кыймылдаткыч күчү- катары жумушчу жана дыйкан таптары деп эсептелип, жогоруда белгиленген социалдык катмарлар таптык белгилерге өсүп жетпеген коомдун өкүлдөрү катары бааланып келген.

**3 .Илимий жыйынтыктар.**

Каралып жаткан диссертациялык иште бир катар жаңы, илимий-практикалык, тарыхнаамалык жыйынтыктарда алынган. Ал жетишкендиктер кыргыз тарыхнаамасына белгилүү деңгээлде салым кошуп, кыргыз тарых илиминин өнүгүшүнө таасир тийгизе алат. Алар **төмөнкүлөр:**

**1-жыйынтык.** Илимий эмгектин жаңылыгы катары постсоветтик доордогу Кыргызстандын тарыхнаамасында изилдене элек диссертациялык иштин алдына коюлган маселе менен шартталган.

**2-жыйынтык.** Диссертанттын алгачкы ирет Кыргызстан коомдун социалдык түзүлүшүн жаңы социалдык теориялык нукта кароого аракет жасашылышы.

**3-жыйынтык.** Коомдун социалдык стратификациялык түзүлүшүнүн өзгөрүшү өз ара бири-бирине таасир берүүчү, өз ара тыгыз байланыштагы, процесс катары кароо менен ага системалуу нукта баа берүүгө аракет жасалышы илимий иштин жаңылыгы болуп саналат.

**4-жыйынтык.** Советтик жана постсоветтик мезгилдердеги изилдөөчүлөрдүн кеңири чөйрөсүнө белгисиз болгон архивдик жана публицистикалык материалдар илимий айлампага киргизилген.

**4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли**

Кыргызстандагы социалдык түзүлүштүн трансформациялануу процессине анализ берип жатып төмөнкүдөй бир катар жыйынтыктарга келүүгө болот:

30 - жылдардын аягында Совет мамлекети көп жылдык саясаттын натыйжасында республикада экономиканы монополизациялоого багыталган күрөшүн аяктаган. Анын негизги өзөгү көп укладдуу чарбаларды жоюу, майда, орто чарбалык суббекттерди жок кылууга багытталган. Өндүрүштү улутташтыруу, ыкчамдатылган коллективдештирүүнү, индустриялаштырууну, кулактарды тап катары жок кылуу жана эркин экономикалык мамилелерди жоюуга багытталган эле. Натыйжада, социалистик уклад совет мамлекетинин экономикасында монополистке айланып, мамлекет болсо аны тескөөчү органга айланат

- 30жылдардын аягында республикада стратификациялык процесстердин трансформацияланышы аяктап, анын натыйжасында түпкү элдин салттуу социалдык түзүлүшү жоюлат.

-Дыйкандар социалдык коомдо өз алдынча катмар катары жашап калды, бирок көз каранды эмес өндүрүүчүдөн мамлекетке толук баш ийген социалдык стратага айланган. Мамлекет тарабынан көтөрүлгөн ири айыл

чарба өндүрүшүн түзүү максатына жеткен, бирок коллективдештирүү айыл жергесинде чоң трагедия менен коштолгон.

- Салттуу социалдык страталардын жоюлушу менен социалистик коомдо жаңы колхозчу-дыйкан, жумушчу табы жана интеллигенция катмары пайда болгон.

**5. Диссертациялык иштеги ар бир илимий натыйжанын (жобонун), жыйынтыктардын жана корутундулардын жаңычылдыгынын деңгээли.** Каралып жаткан теманын илимий жыйынтыктарынын жанычылдык денгээли жогоруда айтылган эксперттик корутундунун беренелеринде кыйыр чагылдырылган. Ошол эле учурда принципиалдуу жанычылдык катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот.

**1-жыйынтык.** Коомдун социалдык структурасын динамикалуу өнүгүп туруучу процесс катары кароо талап кылынат жана анын трансформациялануу процессин табигый өнүгүүнүн шарттардын гана жүрүүсү зарыл экендигин белгилеп кетүү зарыл. Диссертант тарабынан бул пикир тийиштүү баптарда иликтенген жана изилдөөнүн бир жаңылчылдыгы катары кароого болот.

**2-жыйынтык.** Социалдык структуранын өзгөрүүсүн күч колдонуу менен ишке ашыруу коом үчүн социалдык, экономикалык, демографиялык жактан жоготууга алып келет.Бул автордун жаңычылыгы болуп саналат

**3-жыйынтык.** Кыргызстандын коомунун социалдык стратификациялык түзүлүшү XXк. башында колониалдык мезгилде жана совет мамлекетинин алгачкы жылдарында, социализмди куруу мезгилинде өзгөрүүгө учураган. Бул автордун изилдөөсүнүн негизги өзөгүн түзүп, дагы бир жаңычылдык катары кароого болот

**4-жыйынтык.** 20-30жж жүргүзүлгөн социалдык стратификациялардын трансформациялануу процесси репрессиялык мүнөздө жүрүп,

Кыргызстанды социалдык-экономикалык, маданий жактан модернизациялоо мезгилинде эски социалдык түзүлүштүн стратаЛары жок кылынган.Аталган тыянак диссертациялык иште тарыхый булактарга таянуу менен илимий жыйынтык чыгарылган.

**5-жыйынтык.** Кыргызстандагы жаңы колхозчу-дыйкан, жумушчу жана интеллигенция страталарынын калыптануу процесси трагедиялуу жүргөндүгүнө карабастан, көчмөн жана жарым көчмөн шартта жашаган кыргыздардын арасында отурукташуу процесси ийгиликтүү аяктап, совет бийлиги бекемделип гана калбастан, социализмди курууга жетишкен.Аталган илимий пикирге диссертациялык иште тийиштүү аргуменнттер келтирилип, автор тарабынан ынанымдуу далилденген.

**6. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чагылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

**Ыдырысов Рамис Жумабековичтин “Кыргызстандын социалдык структурасынын трансформацияланышы (ХХк. 20-30-ж.ж.) ”** деген темадагы диссертациясы 07.00.02.-Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясы Кыргызстандын 1920-1930жылдарындагы Совет мамлекети тарабынан жүргүзүлгөн социалдык-экономикалык рефоромалардын натыйжасында Кыргызстан коомунун социалдык түзүлүшүнүн негизги өзөгүн түзүшкөн жумушчу, дыйкан жана интеллегенция катмарларынын өзгөрүүсүн изилдөөгө арналган эмгек болуп саналат. Архивдик материалдарга, жарыяланган тарыхый булактарга таянуу менен 20-30жж. Кыргызстандын социалдык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөрдү, алардын жыйынтыктары изилденип, тийиштүү илимий тыянактар чыгарылган.

Изилдөөнүн жыйынтыктары коомдун социалдык түзүлүшүн, аныктоодо, ага баа берүүдө «тап» түшүнүгүн эмес катмар( страта) түшүнүгүн колдонуу сунушталат.Советтик тарыхнаамадагы дыйкан, жумушчу табы жана интеллегенция катмары деген түшүнүктөрдү кайра кароо менен страта

түшүнүгүн колдонуу зарыл экендигин далилдөөгө диссертацияда аракет жасалат. Совет мамлекети тарабынан жүргүзүлгөн саясаттын натыйжасында салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшү өзгөрүүгө учурагандыгы баса белгиленген. Алынган натыйжалар өз ара байланышта, практикалык сунуштар тастыкталган теориялык жоболорго негизделип түзүлгөн.

Диссертациялык иште каралып жаткан маселе боюнча тарыхый процесстер логикалык жактан ырааттуу каралып, маселенин бардык структуралык түзүлүшү боюнча жетишерлик жыйынтыктар чыгарылган. Диссертацияда каралып жаткан маселе боюнча бир катар жаңы натыйжалар жана жоболор аныкталып, алар өз ара ички биримдикте, тарыхый логикалык бир ойду түзүп турат.

**7. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Диссертациянын материалдарында камтылган илимий жоболор, көз караштар жана илимий изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын жана коңшулаш элдердин тарыхын окутууда колдонулушу мүмкүн.

1. **Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тема боюнча жарыялаган эмгектеринде тастыкталышы:**

1. Ыдырысов Р.Ж – “Начало формирования интеллегенции Кыргызстана” [Текст] Международный журнал гуманитарных и естественных наук – 2017. № 11, стр. 25-29. (в списке РИНЦ).
2. Ыдырысов Р.Ж - “Изменение структуре рабочего класса Кыргызстана в 20-30 годы” [Текст] Международный журнал гуманитарных и естественных наук – 2017. № 11, стр. 20-24. (в списке РИНЦ).
3. Ыдырысов Р.Ж – «Некоторые вопросы социальной стратификации 20-30 гг.в Кыргызстане» [Текст] Наука, новые технологии и инновации - 2017. № 2, стр. 97-99. (в списке РИНЦ).
4. Ыдырысов Р.Ж – «Изменение в социальной структуре Кыргызского общество в 20-30-х годах» [Текст] Известия вузов Кыргызстана – 2017. № 8 стр. 112- 115. (в списке РИНЦ).

5. Ыдырысов Р.Ж - «Изменение в социальной структуре Кыргызстане в начале XX века» [Текст] Наука, новые технологии и инновации – 2016.№ 12, стр. 177-180 (в списке РИНЦ).
6. Ыдырысов Р.Ж – Социально – демографического изменение в северном Кыргызстане в начале XX века» [Текст] Наука, новые технологии и инновации – 2016.№ 9, стр. 208-211 (в списке РИНЦ).

Жалпысынан, Ыдырысов Р.Ж 6 илимий эмгек жарыялаган. Анын экөө чет элдик басылмаларда. Жарык көргөн эмгектер балынын көлөмү боюнча жеткиликтүү суммага ээ болуп, диссертациянын мазмунуна төп келет жана КР ЖАК койгон талаптарга жооп берет.

**9. Автореферattын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна туура келет, диссертацияда максаты жана милдеттерине авторефераттын текстинде чагылдырылган материалдар жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилинде идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**10. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар**

Ыдырысов Рамис Жумабековичтин диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар эле, анда айрым бир мүчүлүштүктөр да орун алган. Аларды санап өтүү менен изденүүчүгө бир катар сунуштарды берүү зарыл деп ойлойбуз:

1. Диссертациялык иштин темасы “Кыргызстандын социалдык структурасынын трансформацияланышы (XXк. 20-30-ж.ж.)” деп аталат. “Трансформация” “структура” сөздөрүн “өзгөрүлүшү” “түзүлүшү” деген түшүнүктөр менен алмаштырып, диссертациялык ишти **“Кыргызстандын социалдык түзүлүшүнүн өзгөрүлүшү”(XXк. 20-30-ж.ж.)** деген аталышта өзгөртүүнү сунуштайт.
2. Диссертациялык эмгекте колониалдык доордогу интеллигенциянын өкүлдөрү туурасында материалдар азыраак сүрөттөлгөн.

3. Илимий эмгектин 93 бетинде, диссертант “жаңы экономикалык саясаттын ишке ашырылышына карабастан” деген көз караштын жазып кеткен, бирок мындай көз карашка өзүнүн далилдерин келтирген эмес
4. Диссертациялык эмгекте бир катар грамматикалык каталар кездешет

Эксперттик комиссия Ыдырысов Рамис Жумабековичтин диссертациянын кол жазмасын жогоруда аталган мүчүлүштүктөргө карабай, жогорку деңгээлде, өз алдынча жазылган илимий иш деп эсептейт жана аны ачык коргоого алууга сунуштайт.

**11. Диссертациялык коргоого жетектөөчү мекемени, расмий оппоненттерди дайындоо сунушунун негиздемеси**

Эксперттик комиссия Ыдырысов Рамис Жумабековичтин **“Кыргызстандын социалдык түзүлүшүнүн өзгөрүлүшү (XXк. 20-30-ж.ж.)”** деген аталыштагы 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясын коргоого

***Жетектөөчү мекеме катары*** Ош мамлекеттик университетинин тарых тарых факультетинин « Кыргызстан тарыхы жана археология, этнография” кафедрасын дайындоону сунуш кылат. Анткени, аталган кафедрада Ата Мекен тарыхы боюнча тийиштүү илимий иштер жүргүзүлүп, окумуштуу-педагогдор иштешет.

**Биринчи расмий оппонент катары** 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор **Джуманалиев Акылбекти** сунуш кылат. Анткени А. Джуманалиев Кыргызстандын 20-30жж. саясий, социалдык-экономикалык маселелерге карата жарыяланган бир катар илимий монографиялардын, макалалардын автору болуп саналат.

**Экинчи расмий оппонент катары** 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик архивинин илимий кызматкери тарых илимдеринин кандидаты, доцент Ж. Р.Байдилдеевди сунуш кылат. Анкени Ж. Р.Байдилдеев Кыргызстандын 30жылдарындагы саясий куугунтуктоолор маселеси боюнча илимий эмгектерди жазып жүргөн окумуштуу катары белгилүү.

Эксперттик комиссия Ыдырысов Рамис Жумабековичтин **“Кыргызстандын социалдык структурасынын трансформацияланышы (XXк. 20-30-ж.ж).”** дегенилимий эмгегин**“Кыргызстандын социалдык түзүлүшүнүн өзгөрүүсү(XXк. 20-30-ж.ж).”** деген аталышта өзгөртүү менен07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын, корутундудагы белгиленген кемчиликтерди жоюу жана каалоолорду аткаруу шарты менен И.Арабаев атындагы КМУнун жана Жусуп Баласагын атындагы КУУнун алдындагы **Д.07.18.578 Диссертациялык кеңештин кароосуна ачык коргоо үчүн кабыл алууга сунуштайт.**

**Комиссиянын төрагасы:** **А.Ж. Жуманалиев** тарых Илимдеринин доктору, профессор

**Комиссиянын мүчөлөрү:** **Т.А. Абдырахманов** тарых илимдеринин доктору, профессор

**С.А. Смадияров** тарых илимдеринин кандидаты, доцент

**Комиссиянын мүчөлөрүнүн кол тамгаларын тастыктаймын:**

Диссертациялык Кеңештин окумуштуу катчысы,
тарых илимдеринин доктору **А.К. Карыева**